«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, физика-математика
илимдеринин доктору, профессор
________________К.Г.Кожобеков
«__16__» ____03______ 2022-ж.

**Капалбаев Октябрь Эркиновичтин «Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)»** аттуу 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Капалбаев Октябрь Эркиновичтин тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертациялык иши илимий жактан абдан актуалдуу темага арналган.

Кыргыз эли байыркы мезгилдерден бери көчмөн, жарым көчмөн шартында жашап келгендиктен, алардын жашаган турак-жайы, кийим-кечектери, тамак-аштары жүргүзүлгөн чарбасына, географиялык абалына, социалдык-экономикалык шарттарына жараша өнүгүп, ошого ылайыкташтырылган. Мезгил өткөн сайын көчмөн маданиятка, чарбанын өнүгүшүнө, ар кандай кошумчалар жана толуктоолор киргизилип келгенине карабай, салттуу кол өнөрчүлүк ондогон кылымдар бою дээрлик эч бир өзгөрүлбөй сакталып келген. Бирок XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып кыргыз коомуна башка этностордун кескин аралашышы заттык жана

ДС 07.11.268
Вх. № 09-08/55 от 16-03-2022
Уч. секр.

руханий маданияттын өзгөрүшүнө жана башка элдердин маданияттарынын айрым элементтеринин киришине өбөлгө түзгөн.

Кыргыз коомчулугунда жазуу иштери жакшы өнүкпөгөндүгүнө байланыштуу көптөгөн элдик баалуулуктар, көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрү оозеки сакталып, алар жөнүндөгү маалыматтар жазма булактардан аз санда гана кездешет. Батыш саякатчылары, окумуштуулары, аскер кызматкерлери, чыгыш таануучулары өздөрүнүн эскермелеринде, күндөлүктөрүндө, экспедициялык баяндамаларында кыргыз элинин маданияты тууралуу үзүл-кесил, айрым учурларда так эмес маалыматтарды да беришкен. Борбордук Азиялык жана Сибирь элдерине салыштырмалуу кыргыздардын заттык маданияты, айрыкча, кол өнөрчүлүгү үстүртөн гана караштырылган.

Кыргыздардын тери иштетүү кол өнөрчүлүгү көчмөндөрдүн эң маанилүү кошумча кесиптеринин бири болгондугу алардын кийген кийимдеринен, колдонгон идиш-аяктарынан жана пайдаланган курал-жарактарынан даана көрүнүп турат. Ал тургай алардын аталыштары дагы териге байланыштуу айтылган. Алсак, байыркы жана орто кылымдарда теринин башка аталыштарын түшүндүргөн чан, жар, кум, көн сөздөрүнө грамматикалык мүчөлөр уланып, буюм аттары пайда болгон. Коомдун өнүгүшү менен турмуш-тиричилик буюмдары башка материалдардан жасалса дагы, алар баштапкы аталыштарын азыркы мезгилге чейин сактап калган.

Аң терилеринен жасалган баш кийимдер, тебетейлер аскердик даражаны, алардын коомдук абалын түшүндүргөн белги катары кабыл алынып, кыргыздардын жоокердик тартибин, аскер өнөрүнүн жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн кабарлайт. Ошону менен катары эле аң терилери буюм деңгээлинде гана калбастан, кыргыздардын дүйнө таанымын, руханий маданиятын чагылдырган сыпайы ишарат каражаттарына, белгилерине айланган. Бирок ошого карабастан ушул мезгилге чейин кыргыздардын тери

иштетүүсүнүн, пайдалануусунун коомдо алган орду этнология илиминде изилдөөнүн объектиси жана предмети болгон эмес.

Кыргыз элинин салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүн тарыхый-этнографиялык жана археологиялык жактан гана изилдөө эмес, тилдик, фольклордук, маданият таануучулук, искусство таануучулук, философиялык өңүттөн кароо дагы актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Коюлган маселенин актуалдуулугу диссертациянын киришүү бөлүмүндө берилип, жетишээрлик деңгээлде аныкталган.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын алкагында иштин илимий жыйынтыктары.**

Диссертант өзүнүн илимий ишинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарган:

*1-жыйынтык.* Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнө арналган илимий эмгектердин жыйынтыктары өздөрүнүн жаралган мезгилдеринин идеологиялык жана саясий өнүгүүсүн чагылдырган өзгөчөлүктөрүнө ээ экендигин көрсөтүп, илимий изилдөө иштерине салыштырмалуу багыт көрсөтүп, жаңы көз караштагы эмгектердин жаралышына түрткү берет.

*2-жыйынтык.* Көптөгөн этнологиялык эмгектерде теориялык маселелерге көңүл бурбастан дароо эле методологиялык ыкмалардын негизинде изилдөө иштерине кирип кетүү мүнөздүү. Көчмөн кыргыз маданиятына таандык кол өнөрчүлүк өтө көп мезгилди басып өткөнү менен, табигыйлуулукту сактап, жай жана туруктуу өнүгүү жолун басып келген. Мына ушуларды түшүнүп алуу үчүн теориялык-методологиялык негиздер, алардын түрлөрү, колдонуу ыкмалары тандап алуу зарыл. Кыргыз кол өнөрчүлүгүн теориялык жактан изилдөө тажрыйбалары өтө аз жүргөндүгү жана кийинки изилдөөлөрдө бул маселелерге сөзсүз түрдө көңүл буруу зарылдыгы аныкталган.

*3-жыйынтык.* Тарых булактары көрсөтүп тургандай, кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экендиги талашсыз. Ушул

доорлор аралыгында кыргыздар өзүнүн көчмөндүк жашоо мүнөзүн туруктуу сактап, көчмөн кыргыз цивилизациясын жаратып, аны көптөгөн аймактарга тараткан. Ошондуктан кийинки изилдөөлөрдүн (тилдик, маданият таануучулук ж.б.) максат, милдеттери буюм аталыштарын ар тараптуу талдоо аркылуу тилдин, маданияттын аталыштарына адилет баа берүү болуп саналат. Кыргыздардын көөнө сөздөрү, буюмдары жана кол өнөрчүлүк ыкмалары талданып, түшүндүрмөлөр берилген. Изилдөөнүн жыйынтыктары көптөгөн табылгаларды ачуу менен бирге эле изилденбей, көңүл бурулбай келе жаткан көйгөйлөр да бар экендигин көрсөттү.

*4-жыйынтык.* Кыргыздардын баш, бут, тыш кийимдери жана шымдары, буларга кошумча курал же буюм, негизгиси сакралдык касиетке ээ болгон кемер, киселердин практикалык аткарган кызматтарынан тышкары, дүйнө таанымдарында ээлеген орду бар. Кыргыздардын салттык баш жана тыш кийимдери күндөн, суукtan, шамалдан жана курал-жарактардан коргонуучу буюм эле эмес, аскердик даражаны, коомдук абалын түшүндүргөн белги да болгон. Ошондой эле эпикалык чыгармалардын жардамы менен кыргыздардын салттык бут кийимдеринин бир нече түрлөрү аныкталды. Иштин жыйынтыктары жана көлөмү көрсөтүп тургандай, бул темалардын үстүнөн дагы көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылчылыгы бар.

*5-жыйынтык.* Кыргыздардын териден жасалган салттык же турмуш-тиричилик буюмдары көчмөн маданияттын зарылчылыгы жана алардын эрте мезгилдерде эле пайда болгон. Идиш-аяктардын дээрлик бардыгы шири, көн терилеринен жасалышы практикалык жана ыйыктык мааниге ээ жана көчмөндөрдүн жашоосунда өзгөчө орунда турган. Саятчылык өнөрүнүн эң жогорку деңгээлге чыккандыгынын далили катары мүнүшкөрлүктө колдонулган курал-жарактардын бир нече түрдө жасалышы таасын айкындады. Томого, куш боо, мээлейлер жөн гана буюм эмес, ыйыктык мааниге ээ болуп, каада-салт, нарк-насилге аралашкандыгы менен өзгөчөлөнөт. Колдонгон буюмдардын, аларды жасоодогу ыкмалардын кескин

өзгөрүүгө туш болбогондугу устачылык өнөргө карата ишенимдери менен дагы байланыштырып кароо зарыл.

*6-жыйынтык.* Кыргыздардын салттуу тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн баалуулугун, өзгөчөлүгүн өрүлүп жасалган буюмдар, алардын ичинен ат жабдыктар арттырат. Жөнөкөй жана татаал өрүмдөрдүн ойлонулуп табылышы, кыргыз элинин негизги табылгаларынын бири. Кыргыздар колдонгон оюулар, ага улай эле түстөр, алардын пайда болушу да татаал жана көп изилденбеген иштердин катарына киргендигин изилдөөлөр дагы бир жолу көрсөттү. Оюулар, буюмдарга, киймдерге түшүрүлгөн түстөр жөн гана көркөм каражат, кооздук эмес, көчмөн кыргыздардын дүйнө таанымын, көркөм дүйнөсүн, улуттук баалуулуктарын чагылдырган мурас.

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө булак катары колдонгон маалыматтарын системага келтирген жана аларды талдоодо, теориялык жактан жалпылоодо тиешелүү илимий усулдарды, ыкмаларды пайдаланган. Коргоого сунушталган жоболор менен чыгарылган тыянактар объективдүү, далилдүү маалыматтарга негизделген. Ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө илимий принциптер жана ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ийгиликтүү ишке ашырууда өбөлгө болгон.

Каралып жаткан иштин илимий жыйынтыктарынын негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли катары төмөнкү жыйынтыктарды белгилеп кетүүгө болот.

1. Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирген кыргыз эли бир нече доорлор ичинде өздөрүнүн географиялык жайгашууларын, социалдык- экомикалык абалын, чарбасын жана көчмөндүк мүнөзүн чагылдырган салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн башка элдерден айырмаланып турган өзгөчө түрүн калыптандырган;

2. Кыргыздардын салттык кол өнөрчүлүгү өткөн доорлордо системалуу изилденбегендиктен, көптөгөн кийимдин түрлөрү, турмуш-тиричилик буюмдары жана курал-жарактары өздөрү эле эмес, аталыштары дагы илимий эмгектерде эскерилбей келген. Бирок кыргыз элинин оозеки чыгармаларында, чоң жана кичи эпосторунда аталыштары, алардын жасалуу ыкмалары толугу менен сакталган;

3. Архаикалык сөздөрдүн көп кездешиши байыркы элдердин мураскорлорунун бири экендигин, тери иштетүү кол өнөрчүлүгүнүн салттык ыкмаларынын, анын түрлөрүнүн, аталышынын түпкү маанилеринин бүгүнкү күнгө чейин дээрлик өзгөрүлбөй сактылышы, кыргыз элинин жаратылышка, жан-жаныбарларга карата дүйнө таанымдарынын туруктуулугун көрсөтөт;

4. Кыргыз элинин аңчылыгы, кийген кийимдери алардын диний ишенимдерине, каада-салттарына жана үрп-адаттарына байланыштуу жүргүзүлүп, аң терилер жалаң гана баалуу буюм катары эсептелбестен, жөрөгөлөрдү билдирген социалдык белгилерге айланган;

5. Кыргыздардын этностук тарыхында алардын тароо ареалы кеңири аймактарга созулгандыгы түрдүү айбанаттардын, жырткыч жаныбарлардын терилеринен кийимдерди тигип кийишкендиги менен далилденип, ошол эле учурда тыш жана бут кийимдерин кийүүдө коомдогу ээлеген орду сөзсүз эске алынган;

6. Салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгүндө кыргыз эли бардык буюмдарга бирдей эле мамиле кылышкандай сезилгени менен, камчы, кемер, баш жана сырт кийимдерге, кыздарга берилүүчү сепке өзгөчө ыйык мамиле жасап, аларды салт катары сактап, муундан муунга өткөрүп берип турушкан;

7. Көчмөндүктүн негизги белгилеринин бирине айланган аңчылык, саятчылык өнөрү, аларга колдонулган курал-жарактар жана ыкмалар бир жагынан киреше табуунун булагына айланса, экинчи жагынан улуу өнөр катары таанылган;

8. Салттык кол өнөрчүлүктө оюулар алгач белги, тамга катары калыптана баштаса, доорлордун алмашышы менен, негизги белгиге бирден

сызыктар кошулуп, татаал кыял оюуларынын системасы келип чыккан.

**4. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигинин баалоо.**

Капалбаев Октябрь Эркиновичтин диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Автордун жекече салымы катары илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселенин бардык аспектилери, чогултулган материалдар системага келтирилип комплекстүү түрдө иликтенген. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгарылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштуу толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын негизги жыйынтыктары бир катар эмгектерде, анын ичинен жеке автордук 1 монографияда, авторлош 2 китепте жана диссертанттын мезгилдүү илимий басылмалардагы 40 макаласында чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер диссертациянын мазмунуна туура келет жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы койгон талаптарга жооп берет.

**6. Автореферattын мазмунунун диссертациялык иштин мазмунуна дал келүүсү.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен туура келет. Авторефераттын мазмунунда диссертациянын текстиндеги материалдар чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык кыргыз, орус, англис тилдеринде диссертациялык иштин кыска резюмеси берилген.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Капалбаев Октябрь Эркиновичтин тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши

жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен катар бир аз мүчүлүштүктөргө ээ болгондугун белгилеп, изденүүчүгө төмөндөгүдөй сын пикир жана сунуштар берилет:

1. Диссертациянын хронологиялык алкагы XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы деп көрсөтүлгөнү менен диссертацияда, айрыкча 1-бапта байыркы мезгил, орто кылым жана жаңы доорго тиешелүү маалыматтар колдонулган. Изилдөө темасынын кенен ачып берүү үчүн сөзсүз мурунку мезгилдерге тиешелүү маалыматтарга жалпылоочу экскурс жасалат. Ошондуктан диссертант изилдөө ишинин хронологиялык алкагын көрсөткөндө бул көрүнүштү белгилеп кетүүсү зарыл. Антпесе диссертант изилдөө хронологиясынан алыстап кеткендей таасир калтырат.

2. Диссертациялык изилдөөнүн илимий обьектисине байланыштуу кеңири колдонулган эски (көөнө) сөздөрдүн, аталыштардын диссертациянын кол жазмасында алгачкы жолу кездешкен учурларында кыскача түшүндүрмө (комментария) берип кетүү зарыл. Негизи мындай көрүнүш көпчүлүк учурда аткарылган, бирок калып калган айрым учурлар кездешет.

3. Диссертациянын кол жазмасынын кээ бир беттеринде айрым грамматикалык жана техникалык мүчүлүштүктөр кетирилгендиктен кол жазманы редакциялап чыгуу зарыл.

4. Сунуш иретинде, диссертациядагы “Тери иштетүү кол өнөрчүлүгү жана буюм аталыштарынын түшүндүрмөлөрү”, “Териден тигилген кийимдер, алардын түрлөрү”, “Териден жасалган турмуш-тиричилик буюмдары” сыяктуу бөлүмдөрдү өз алдынча чакан китепче, буклет катары даярдап, ММК, интернет жана социалдык тармактар аркылуу коомчулукка кеңири жайылтуу диссертантка сунушталат.

**8. КР УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши.**

Диссертациялык иш илимий теоретикалык жана методологиялык жагынан жетиштүү деңгээлде жазылып, кыргыз тарых илиминде өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасы изденүүчү

Капалбаев Октябрь Эркиновичтин **«Кыргыздардын салттык тери иштетүү кол өнөрчүлүгү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)»** деп аталган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет жана аны 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду пикир Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология» кафедрасынын 2022-жылдын 9-мартында кезексиз өткөн атайын отурумунда талкууланды (протокол № 6).

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:**

Тар.и.д., профессор Абытов Б.К., тар.и.д. Омурзакова Т.О., тар.и.к., профессор Адилбаев Ж.А., тар.и.к., доценттер: Шаанов Т.М., Смадияров С.А., Мурзакметов А.К., Сатыбалдыева Ч.Т., Султанова М.Ш., Апышева А.К., Чыныкеева Г.Э., Осмонова С.К., Ташмаматов О.А., улук окутуучулар: Айтбаев Т.А., Алтымышова В.К., Усманов Т.М., Тагайбекова А.А., окутуучулар: Салиева Э.А., Тилекова У.К., Атаканова Г.А., Жапарова А.К., Эсенали кызы А.

Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан
тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын
кеңейтилген жыйынынын төрагасы, т.и.к., доцент: Арстанов С.А.

Катчы: Эсенали кызы А.

Ош МУ
Тастыктаймын
20*22* ж. «*16*» *03*
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.